# Өтүнүч

с. Дайыр Орозакунов

о.Туратбек Дүйшеев

Мемиреген уйкудагы көлсүңбү

Мен жетпеген кумдуу аптап чөлсүңбү

Салыштырып асылдарга колум жетпеген

Сактап койдум карегиме көркүңдү

Кыялымда таптымбы дейм бактымды

Кылым сактап жан дүйнөмө атыңды

А бирок ай сенин ордуң башка да

Ашык жаның билип сүйсүн баркыңды

Салмактуулук сага гана жарашат

Сылык сөзүң жакындатып баратат

Сыйкыр мага бир жылмайып койгонуң

Сагындырып кусалыкты жаратат

Кызганууга кыйналууга акым жок

Бааланганга балким сендей асыл жок

Сулуулардын тизмегинен карасам

Сен турасың бирок сенин атың жок